# Нариcте

6+

машайакчылардын балдарга арналган журналы

1
2020



**Эх, эмнени тандашты, кандай чечим чыгарышты билсем кана...**

# Жашырылган сөз!

Бул сүрөттөгү жаныбарлар кандай аталат? Алардын аталышынын биринчи тамгаларын эстеп калып, таблицадан ошол тамгаларды чийип сал. Калган тамгалардан сөз куралат. Ал кандай сөз?

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| М | Ч | А | Б | М | Е | М | А | Б | Ч |
| К | А | М | И | Б | М | Н | Б | А | М |
| А | М | Д | А | М | Ү | А | М | Ү | Б |
| Б | Л | А | М | Ү | Б | А | М | К | А |




*Сүрөтүн тарткан – Виктория ДУНАЕВА жана Сезим ТАЛАЙБЕКОВА*





# Библиялык табышмактар

*Ишенгүл ТЕГИРМЕНЧИЕВА*



**1.**

Түшүнө албай кыйналып,
Ойго баткан ал терең.
Ыйсага келип түнкүсүн,
Андан укту мындай кеп:
«Сен кайрадан, жогортон,
Төрөлүшүң керек!» – деп.
Ыйсага жалгыз келген ким?
Ал деген башчы _ _ _ _ _ _ _ .



**2.**

«Бул жерден Ыйса өтөт! – дейт...
Көрүшүм керек мен Аны,
Болгону, боюм пас болуп,
Калгандыгын карачы!..»
Деди дагы шашылып,
Даракка чыкты тартынбай.
Атын айт досум, канакей?
Ал ким болгон? Ал _ _ _ _ _ .



**3.**

«Шашылыш чечим чыгарба,
Мен сага бекем ишенем!
Бирок болбойт согушууга,
Сага мындай алп менен...
Анткени жашсың, күчүң аз!»
Деген сөздү ким айткан?
Качан жана кимге айткан?

**Билесиңби,**

Эшектер аябай өжөр болорун, балдарына же жашаган аймагына кол салган кичинекей жырткыч жаныбарларга коркпостон айбат көрсөтөрүн билесиңби? Алар өздөрүн эле коргобостон, жанында оттоп жүргөн жаныбарларды да коргошот, ошондуктан аларды көп учурда кой-эчкилердин короосун кайтарууга колдонушат.



**4.**

Жашынан жесир калса да,
Кайненесин таштабай:
«Сен кайда барсаң, барамын», –
Деген аял ким өзү?
Жылдар өтүп бир далай,
Дөөттүн болгон чоң энеси
Мээримдүү аял ким өзү? _ _ _

*Сүрөтүн тарткан – Ирина ПОМЕРАНЦЕВА*

# «Чоң Жетиген» жылдызын издеп




*Элмира МИКУЛА*

**1-бөлүм**

Кечинде, коноктор кеткенден кийин, Азамат туулган күнүнө берилген белектерди көрүп отурган. Жаңы коньки, жерден башкарылчу вертолёт, үч куту «Лего» конструктору, жапжаңы МР-3 плейери – деги койчу, толгон токой байлык! Анан дагы бир чыны менен «Майнкрафттын» логотиби тартылган футболка да бар экен! «Динозаврлар» деген энциклопедия, анан… кандайдыр бир түшүнүксүз, сүйрү куту …

– Бул белекти Мээрим алып келсе керек. Кызык, ичинде эмне бар болду экен? – деп сүйлөнүп койду Азамат кутуну ачып жатып.

Кутунун ичинде жылдыздуу асмандын сүрөтү түшүрүлгөн, кооз, түстүү карта бар экен.

– Мм... – деди ал адаттан тыш белектин ары-бери жагын карап.

Негизи Азамат астрономияга кызыкчу эмес. Ал тургай, аны жакшы көрчү да эмес. Кептин баары, ал ушундай илим бар экенин биринчи класста окуп жатканында билген болчу. Азамат бешинчи класстагы байкеси Керимдин мектепте география сабагынан жылдыздуу асман жөнүндөгү сабактан кийин, уккан-билгендери жөнүндө инисине айтып берген кечти эстеди. Керим Азаматты балконго ээрчитип чыгып, Чоң Жетиген жылдызы жөнүндө айтып бере баштаган эле:

– Тигине, көрдүңбү?! Карачы, сабы узун чөмүчкө окшош бекен?

Ал Азаматтын башынан кармап, өзгөчө көрүнгөн топ жылдызды көздөй бурду.

– Кандай чөмүч?! – деп ыйлап жибере жаздады Азамат.

– Ой, тиги, апам эртең мененки тамакты бышырган мискейге окшошчу! – деп чыдамы кете сүйлөдү Керим.

Бирок Азамат асманды канчалык кадала карабасын, Чоң Жетигенди да, Кичи Жетигенди да көрө албады. Асманда өз ара эч кандай байланышы жок сансыз жылдыздар жайнайт. Азаматты апасы сактап калды, болбосо Керим инисинин мойнун жашоосундагы эң биринчи астрономия сабагында эле толгоп койчудай.


Ал эми бул жерден, мына бул картадан, Азамат алиги чөмүчтү акыры көрдү. Картаны жерге жайып алып, топ жылдыздарды кызыга карап жатты.

– Аа, мына, Чоң Жетиген! Мунусу Кичи Жетиген. Так эле сабы бар мискейдей экен, болгону бир аз кичирээк! Ой-ийи! Мына бул Алтын казык жылдызы аябай жарык турбайбы! Ал, көрсө, Кичи Жетиген топ жылдызында тура! Ой-ийи! Бул Үркөр топ жылдызы! Мунусу – Ак куу! Кызык, дагы кандайлары бар болду экен? Аа, мына Жираф, а бул, ой, күлкүлүү го! Чымын!


Ал кыйкырып жибергендиктен, апасы чуркап келди:

– Азамат, сага эмне болду?

– Апа, карасаңыз, мага жылдыздуу асмандын картасын белек кылышыптыр! Бул жерде аябай кызыктуу топ жылдыздар бар экен! Карасаңыз, ал тургай, бул жерде Насос да бар экен!









– Койчу ай, кантип эле?! – деп апасы Азаматтын жанына отура калды. – Ии, чын эле, Насос. А мунусу Микроскоп... Ийй, карачы кеч болуп кетти, жатып укта, калганын эртең карайбыз...

Азамат тишин жууп, керебетине жатты, бирок укмуштуудай, таң каларлык белеги такыр оюнан кетпей койду. Жарыкты акырын күйгүздү да, картадагы топ жылдыздарды кайрадан карай баштады. Аңгыча ага чыныгы асмандан ошол жылдыздардын жок дегенде кээ бирлерин таап көрсөмбү деген ой келди. Ашканага акырын кирип, балконго чыкты. Тыш аябай караңгы эле, асманда бир да жылдыз жок болчу. Төмөндө жарыктар күйүп, алардан күмүш түстүү кар бүртүктөрү жерге каалгып түшө жаап жатканы көрүнүп турду. Азамат көңүлү чөккөндөй үшкүрдү да, уктаганы кетти.

Азаматка, адатта, түркүн түстүү, кызыктуу түштөр кирчү. Бул түнү Азаматтын көргөн түшү өзгөчө кооз болду. Түшүндө Мээрим балкондо туруп алып, узун саптуу чөмүчтөн сүт төгүп: «Карачы, Азамат, бул – Саманчынын жолу», – деп жатыптыр. Азамат аны карап, сүттүн жерге төгүлбөй эле асманды көздөй агып, учу-кыйыры жок жылдыздуу жол болуп жатканын көрдү. «А бул болсо, Чоң Жетиген, – деп жатыптыр Мээрим. – Мингин, кеттик!» Азамат Чоң Жетигенге, Мээрим болсо кичи Жетигенге минип алышты. «Мен Чоң Жетигенди таптым!» – деп кыйкырып жатты Азамат Керимге. Колуна фонарь кармаган Керим болсо, ылдыйда аларга кол булгалап жатат.

Эртеси ойгонору менен Азамат Мээримге телефон чалды. Белегине рахмат айтып, анан көргөн түшү жөнүндө да айтып:

– Чындап эле жылдыздарга жакын учуп барып, алар менен жакындан таанышсак сонун эле болбойт беле! – деп кошумчалады.

– Жакын учуп барабыз деп убада бере албайм, бирок жакындан таанышса болот, – деди Мээрим табышмактуу түрдө.

– Кантип? – деп Азамат аябай кызыкты.

– Мен ишемби күнү ата-энем менен дачага барам. Биз менен барып келбейсиңби, мен сага бир нерсе көрсөтөм.

– Дачага? Азыр деген кыш да! – деп бүрүшө түштү Азамат.

– Биздикинде отун жаккан чыныгы меш бар. Биз Жаңы жылды дайыма ошол жактан тособуз. Короодогу чоң балаты алигиче оюнчуктар, гирляндалар илинген бойдон турат.

– Жакшы, чакырганыңа рахмат. Апам жиберсе сөзсүз барам. А лыжа алып алсак болобу?

– Албай эле кой, ал жакта баары бар: лыжалар, чаналар, иши кылса, баарын барганда көрөсүң, – деп күлдү Мээрим.

– Иши кылса? Эй Мээрим! Сен дайыма ушундайсың: бир нерсенин башын кылтыйтып айтып коёсуң, мен болсо эртерээк эле көргүм келип, аябай жаман болом! – деп кыйкырды Азамат телефондон.

Бирок жооп болгон жок, себеби Мээрим трубканы коюп койгон эле.





*Сүрөтүн тарткан – Виктория ДУНАЕВА жана Сезим ТААЛАЙБЕКОВА*



## Көңүл бургула! Конкурс!

*«Жылдыздуу асманга саякат» – алты бөлүмдөн турган чакан повесть. Ар бир бөлүмдүн аягында тапшырма жазылган жер бар. Сен ошол тапшырманы аткарсаң болот. Бардык акыркы тапшырмага чейин аткарып, суроолордун жообун жазганыңдан кийин, БАРДЫК жоопторду мага почта аркылуу жөнөт. БАРДЫК суроолорго туура жооп жиберген биринчи 20 окурман белек алат.*

### 1-ТАПШЫРМА

1. **Алтын казык жылдызы кайсы топ жылдызда орун алган?**
2. **Библиядагы аятты таап, жаз да, жаттап ал.**




# РУТ менен ОРПА

*Султан КАДЫРБЕКОВ*

Байыркы убактарда, Библиядагы баянга ылайык, Ысрайылды башкаруучулар башкарышкан. Кудай аларга ысрайыл элине кол салган душмандарынан бошотууга жана ар түрдүү, маанилүү маселелерди чечүүгө жардам берген. Бирок эл башкаруучуларды укпай, Кудайдан коркпой, буркандарга, жасалма кудайларга табынып кеткен. Ошондуктан Кудай-Теңир кээде ысрайылдыктарды жерине кургакчылык каптатып жазалачу.

Мен бүгүн силерге айтып бере турган окуя ошол жазадан башталат.



*Сүрөтүн тарткан – Лариса ГОРОШКО*



Жүйүт жеринин Бейт-Лехем шаарында жашаган бир үй-бүлө бар болчу. Үй ээсинин аты Элимелек, аялынын аты Наами, уулдарынын аты Махлон жана Килийон. Ошентип, Жүйүт жеринде кургакчылык болду. Элимелек аялы менен эки уулун алып, коңшулаш жайгашкан Маап деген өлкөгө кетти. Бир нече убакыттан кийин, уулдары ошол жактан үйлөнүштү. Бир уулунун аялынын аты Рут, экинчисиники Орпа эле. Экөө тең бутпарас кыздар болчу.

Дагы бир аз убакыт өткөндөн кийин, Элимелек өлүп, анын артынан эки уулу да өлүп калышты. Наами чоочун өлкөдө, бутпарастардын арасында жалгыз калды. Ошондуктан өз өлкөсүнө, эл-жерине кайтмакчы болду. Буюмтайымын жыйнап, жолго аттанды. Келиндери аны менен чогуу жөнөштү. Шаар четине чыгышкандан кийин, Наами аларга: «Экөөң өз ата-энеңердин үйүнө кайткыла! Маркум күйөөлөрүңөргө жана мага кылган жакшылыгыңар үчүн, Теңир силерге батасын берсин!» – деди.



Келиндери кайгырып, ыйлап киришти, анткени кайын энесинен такыр ажырагылары келбеди. Акыры Орпа деген келини кайын энеси менен коштошуп, жөнөп кетти. Ошондо Наами Рутка: «Мына, абысының өз элине, өзүнүн кудайларына кетти. Сен да барагой…» – деди. – «Мени сизди таштап кетүүгө мажбурлабаңыз, – деп жооп берди Рут. – Сиз кайда барсаңыз, мен да ошол жакка барам, сиз кай жерде жашасаңыз, мен да ошол жерде жашайм. Сиздин элиңиз менин элим, сиздин Кудайыңыз менин Кудайым болот!» – деп туруп алды.

Наами Руттун өзү менен кошо кетүүнү биротоло чечкенин көрүп, унчукпай калды. Ошентип экөө андан ары жол жүрүп, Бейт-Лехем шаарына келишти. Көп жыл мурда ушул шаардан Наами күйөөсү жана уулдары менен чогуу чоочун жерге кеткен эле. Наамини келгенин көргөн шаардагылардын баары уу-дуу болуп калышты. «Мобу Наами го! Наами кайтып келиптир!» – деп жатышты алар.

Нааминин келинине бергидей эч нерсеси жок болчу. Бул жесир аял таптакыр эле жарды болуп калган эле. Бирок ысрайылдыктардын бир мыйзамында жакырларга оруу-жыюу маалында талаалардан орокчулардан калган машактарды терип алууга уруксат берилген. Арпа орулуп жаткан учур болгондуктан, Рут бай кишилердин талааларына барып, орокчулардын артынан машак термекчи болду.



Иштин кандай жүрүп жатканын көрүү үчүн, түш ченде талаасына келген талаа ээси орокчуларынан: «Бул жаш келин ким?» – деп сурады. «Бул Нааминин келини, маaптык Рут», – дешти алар ага. «Ага арпанын баштарынан, машактардан, көбүрөөк калтырып коюп тургула! – деди талаанын ээси Бууз. – Ал гана эмес, ага боолонгон эгиндерден да калтырып коюп тургула. Үйүнө куру кол кетпегидей болсун». Бууз Нааминин алысыраак тууганы болчу. Ал Руттун кайын энесине кайрымдуу келин экенин уккан.

Кыскасы, Буузга жаш жесир Рут жагып калды. Алар бири-бирин жактырып, бир канча убакыттан кийин, ысрайыл элинин бардык каада-салт, эрежелерине ылайык, үйлөнүштү. Ошентип маaптык Рут мекендүү, үй-бүлөлүү болду. Эми анын Кудайы да бар, анткени Ысрайылдын Кудайы, Нааминин Кудайы анын да Кудайы болуп калды.

***Кандай деп ойлойсуң?***

1. **Ысрайылда падышалар жок кезде элди кимдер башкарган?**
2. **Ачарчылык учурунда Элимелек бүт үй-бүлөсү менен барган өлкө кандай деп аталган?**
3. **Кандай деп ойлойсуң, Кудай Рутка эмне үчүн мол батасын берген?**

***Библияда Руттун атынан аталган чакан китеп бар. Аны таап, окуп чык. Ал абдан кызыктуу китеп.***

# Чечкиндүүлүк тууралуу



Кичинекей кезимде апам мени кээде жумушуна ала барчу. Ал темир жолдун жебелерин алмаштырып иштечү. Ээн талаадагы (биз ал кезде Казакстанда жашачубуз) темир жол экиге бөлүнүп, же кошулуп кетчү. Мындай жерлерде ошол ишти аткаргандардын күркөлөрү боло турган. Борбордук станциядан телефон чалышканда, алар тышка чыгып, жебелерди которушчу. Жебе кайсы багытты көздөй коюлса, поезд ошол тарапка кете турган.

Азыр болсо бул иш автоматтык түрдө кылынат. Буйрук компьютер аркылуу келет. Ал эми мурунку убактарда баары телефон чалууларга жана жебелерди которуп иштеген жумушчулардын ишине көз каранды эле. Ошентип, апам жебени бир тарапка жылдырса, поезд Алматыга эмес, Новосибирскке кетет. Жебени болор-болбос гана жылдыруудан бүтүндөй узун состав таптакыр башка жакка кетет. Ушул нерсе мени дайыма катуу таасирленте турган.

Башыбыздан өткөн нерселер, көбүнесе, чыгарган чечимдерибизге көз каранды. Кээде алар андай деле маанилүү эместей сезилет. Бирок алардын кесепети узакка созулушу мүмкүн. Сага тамеки чегип көрүүнү сунуш кылышты дейли. Бир жагынан алганда, чоң киши болгуң келет, башкалардын алдында алсыз болуп көрүнгүң келбейт. Экинчи жагынан алганда, бул ден соолугуңа зыян, акыры андан кутула албай калышың да мүмкүн. Ошондуктан, досторуңдун азгырыгына каршылык көрсөтө албай, алсыздык кылуунун ордуна, ал сунуштан баш тартып эле койгонуң туура. Ичкилик ичүү жана башка көптөгөн коркунучтуу сунуштарга да ушундай эле мамиле кыл. Дароо эле «жок» деп айтыш керек.

Кээде, айрыкча чогулуш учурунда, же ата-энең сага Библиядан алынган окуялардан окуп берип жатканда, же маанилүү, кызыктуу бир нерсе айтып беришкенде, сен Кудайдан кечирим сурагың келип кетет. Ал тургай, Ага бүт өмүрүңдү арнагың келет. Өзгөчө деле эч нерсеси жок, жөн гана, адаттагыдай кеч. Ошондой болсо да, сенин чыгарган чечимиң түбөлүктүүлүктө да зор мааниге ээ болмокчу. Ыйса Өзүн ким кабыл алса, ошол адам түбөлүк өмүргө ээ болорун, сотко келберин айткан.

Бул так эле Библиядагы Рут менен Орпа тууралуу окуядагыдай. Орпа өзүнүн досторуна, табынган буркандарына кеткен. Рут болсо, Кудайдын элинде жашап, Кудайга таандык болууну чечкен. Руттун окуясы кандай бүткөнү эсиңдеби? Рут Бууз аттуу кишиге турмушка чыккан. Алар Обейт деген уулдуу болуп, аябай кубанышкан! Обейт эр жетип, Жышай деген уулдуу болгон, ал эми Жышай кийин Дөөттүн атасы болгон. Кудай Дөөттүн урпагынан Куткаруучу төрөлөрүн убада кылган, Ал убадасын аткарган. Ал Куткаруучу – Ыйса Машайак.

Эгер сен да жашооңду Кудайга арноону чечсең, сенин жашооң да маңыздуу болот.

*Султан КАДЫРБЕКОВ*



# Жүрөгүңдү Кудайга бер

Жүрөгүң бер Кудайга,
Толук бойдон арнагын,
Кубанычтуу ырың менен,
Анын атын даңктагын.

Сезимдериң бер Кудайга,
Теңирди сүй бир гана,
Ишенимди канат кылып
Улам алга алгала!

Акыл-оюң бер Кудайга
Өмүрүңдү арнагын.
Шектенбегин, дайым
билгин,
Асманына барарың.



# Ишенели

Кичинекей болсок дагы,
Кызмат кылып Теңирге,
Ар убакта даяр болгун
Асманына жетүүгө.

Кездешербиз, балким, далай
Ишенимсиз жандарга,
Кудай жок деп, жалган айтып,
Жолтоо болгон балдарга.

А бирок биз бек ишенип,
Сөздөрүнө Кудайдын.
Жар салала чын жүрөктөн
Анын Жакшы Кабарын.



**Билесиңби,**
Жаңы Гвинеянын токойлорун мекендеген дарак кенгурусу негизинен дарактарда жашап, ортосундагы аралыгы 9 метр болгон бир дарактан экинчи даракка секирип жете алышарын, ал эми жерге 18 метр бийиктиктен секирип түшө аларын билесиңби?

*Сүрөтүн тарткан – Татьяна КОСТЕЦКАЯ
жана Сезим ТААЛАЙБЕКОВА*



# Голийатты жеңүү

*Назгүл БЕРГЕНБАЕВА*

Байтур Библиядан Дөөт менен Голийат жөнүндөгү окуяны окуп отурган. Укмуш деп ушуну айт! Жапжаш койчу бала кичинекей эле таш менен килейген алп баатырды өлтүрүп коюптур. Темир тоодой болгон немени жапжаш бала жеңгени эмне деген укмуш! Муну ал Кудайдын жардамысыз, өзү жалгыз кыла алмак эместиги түшүнүктүү. Бирок Дөөт корккон эмес...

– Ата, – деди Байтур тыштан кирген атасына, – Дөөт өзгөче бала болсо керек ээ? Мындай кайраттуулукту Кудай Дөөткө гана берген окшойт.

Атасы жылмайып койду.

– Жок, ата, чын айтам! Мисал үчүн мен, Ыйсага ишенсем да, коңшулаш үйдө жашаган Дуулат-Чоң муштумдан корком. Ал баарын төпөштөп коёт...

– Эмне үчүн баарын төпөштөйт?

– Билбейм. Ал дайыма эле ачуулуу жүрөт... Биз бул жакка көчүп келгенден бери (мына эки айдан бери), балдардын баары эле ошол бала жөнүндө айтып, аны аябай күчтүү, муштумдары чоң, баарын сабайт деп жатышат.

– Өзүнөн коркокондордун баарын сабайт бекен?

Байтур үшкүрүп, башын төмөн салды. Атасы баласынын чачтарын уйпалап, эркелетип койду да, ачык турган Библияны карады. Библиянын ачылып турган бетинде Дөөт салтанаттуу жеңишке жетип, Теңирди даңктагандыгы жөнүндө жазылган эле.

– Мен сага бир сырды ачып берейин. Сен бул окуяны окуганда, өзүңдү Дөөт деп элестетип, ал эми Голийаттын ролун, сенин кыялыңда, Дуулат-Чоң муштум аткарган тура ээ.

– А сиз кантип билип койдуңуз, ата?







– Оңой эле. Буга өзгөчө акылдын кереги жок. Бирок сен ролдорду гана туура эмес бөлүштүрүп койгонсуң. Голийат – Дуулат эмес, ал сенин эле коркунучуң.

– Кандайча? – деп таң калды Байтур.

Атасы бөлмөдө ары-бери басканча, мындай деди:

– Мынакей, карачы: Дуулат өзгөрүп, жакшы бала болуп калды дейли. Ал эми сенин коркунучуң жүрөгүңдө дагы деле жашай берет. Андан кийин башка, күчтүү, чоң бала келди дейли. Аны Бектен-Бульдозер деп атап коюшту дейли. Ошондо сен мурда Дуулат-Чоң муштумдан, тагыраагы, Дуулаттан корккондой, андан да корко бересиң. Түшүндүңбү?

– Ооба, түшүндүм. Бирок... Дуулат кантип өзгөрүшү мүмкүн? Баары эле аны оңолбойт бул дей беришет.

– Сен эмне, Ыйсанын кандай гана адамды болбосун өзгөртө аларын унутуп калдыңбы? Дуулатка Кудай жөнүндө айтып бер.

– Жок! – Байтурдун көздөрүнөн коркунуч байкалды. – Мен балдарга Кудай жөнүндө айтып берсем, алар мени «монах», «поп» деп шылдыңдап жатышат. Дуулатка айтсам, ал мени сабап салат.

Атасы үндөбөстөн Библияны колуна алды да, бир азга барактап туруп, мындай сөздөрдү окуду:

– «Теңир менин жарыгым, менин куткаруучум: кимден коркмок элем? Теңир – менин өмүрүмдүн тиреги: кимден үрөйүм учмак эле?» Ал бала Кудайдын сүйүүсүнө абдан муктаж экен, ал жашоосунда жакшы нерсени аз көргөн...

Дал ушул маалда короодон кыйкырык, ызы-чуу угулуп калды. Байтур менен атасы терезеден карашты. Короонун ортосунда чоң таяк таянып Дуулат туруптур, жанында согушканга даяр турган ондогон балдар.

– Буларга эмне болгон? – деп сурады атасы Байтурдан.

– Дуулаттын ушинтип кыйын боло бергенинен тажап, короодогу балдардын баары чогулуп аны сабайбыз деп жатышкан. Мен барбайм деп койгом, эми мени менен эч ким сүйлөшпөйт. Ой, ата, караңызчы!

Дуулат каардуу күлүп, колундагы чоң таякты көтөрүп:

– Эй, балакайлар, жоголгула бул жерден! – деп тап берди.

«Балакайлар» дароо зуу коюшту да, нарыраак барып, Дуулатты күңкүлдөп урушкан киши болуп жатышты.









– Ии, эмне, күч сынашкыңар келип атабы? – деп каткырды Дуулат. – Келгиле, анда, кезектешкиле. Ким биринчи болот?

Каалоочулар чыккан жок. Байтур шарт бурулуп, эшикти көздөй чуркады.

– Кайда баратасың, уулум? – деп атасы артынан кыйкырды.

Бала токтой калып, олуттуу түрдө:

– Мен Голийатты жеңгим келет! – деди.

Деди да, тышка чуркап чыкты. Дуулатка жакындаган сайын, кадамдары жайлай берди. Акыры Дуулат өзүн көздөй келе жаткан арык баланы көрдү. Андагы бир нерсе Дуулатты сестентип жиберди. Бул адаттан тыш, таң калыштуу жагдай эле. Бала аны көздөй калтырап-титиребей, жайбаракат келе жатты. Дуулат кашын серпип:

– Эмне, сен менден коркпойсуңбу? – деп сурады.

– Жок, – деп жылмайды Байтур.

– Ия де, сен эмне, каратэ менен машыгасыңбы? Ошон үчүн мени менен согушкуң келип жатабы?

– Мен сени менен согушкум келген жок, – деди Байтур, – мен согушканды билбейм дагы.

– А балким сен менин ким экенимди билбейттирсиң? Мага баары суктанышат. Мен – шаардын чагылганымын, эң күчтүүмүн, тайманбасмын! Менден баары коркушат, мага теңдеш эч ким жок!

– Мен сенин ким экениңди билем, Дуулат. Сен аёого муктажсың. Сен биздин шаардагы бактысыз, жапжалгыз калган баласың. Баары сенден коркушат, ошондуктан сенин досторуң жок. Бир кезде сени аябай капа кылышкан, бирок жакын дос таап, ага сырыңды айтуунун ордуна, сен баарын өзүңдөн түртүп, качырып салгансың, андан өзүңө ого бетер жаман болду. Сенин бул «эрдиктериң» өзүңдү сүйүнтпөйт да.

– Мунун баарын сен кайдан билесиң? Сага ким айтып берди? – деп ачуулана кыйкырды Дуулат.



– Мен сага Анын атын айтсам болот, – деди Байтур.

– Кимдин?

– Сени абдан жакшы көргөн Бирөөнүн.

Дуулаттын муштумдары түйүлүп, көздөрү ачуулуу жүлжүйүп, кыйкырып жиберди:

– Калп айтпа! Мени эч ким жакшы көрбөйт. Мени баары жек көрүшөт. Өгөй энем, кошуналарым, балдар! Атам да мени жаман көрчү: мас болуп келген сайын сабачу. Дагы мени жакшы көрөм деп койгонучу! Акыры ал өлүп, мен жалгыз калдым. Ал эми сен мага калп айтып жатканың үчүн, азыр мен сага көргүлүктү көрсөтөм!

Бирок ал өзүнөн коркпой, бейкапар турган Байтурду көздөй бир да кадам таштай албады. Байтур аны кандайдыр бир боорукер көздөр менен карап турган эле. Дуулаттын муштумдары өзүнөн өзү жазылды.

Байтур акырын гана:

– Сени Ыйса жакшы көрөт, мен да сени жакшы көрөм. Демек, сени жакшы көргөндөр жок дегенде экөө... – деди.

Буга Дуулат чыдай албай кетти. Андан көрө Байтур аны сөгүп, же чаап жиберсе, жеңил болмок. Ачуу да, жылуу да бир нерсе тамагына тыгылгандай, мурдун шор тартып, көздөрү жашылданып кеткен Дуулат артына бурулду да, чуркап жөнөдү.

Байтур аны эски сарайдан тапты. Дуулат шыпка илинген боксёр грушасын ургулап, тепкилеп, машыгууларын ошол сарайда өткөрчү. Азыр болсо ал аябай чарчагандай түр менен жашиктин үстүндө тунжурап отурган. Байтур Дуулаттын жанына басып келип, көздөрүнө тике карап:

– Жүрү меникине, мен сага көп нерсе айтып беришим керек, – деди.


Дуулат бир саамга ойлонуп туруп, анан үшкүрдү да, көзүнүн жашын кир бетине сүрүп, Байтурга колун сунду.

*Сүрөтүн тарткан – Елена МИХАЙЛОВА-РОДИНА*
*жана Сезим ТААЛАЙБЕКОВА*





# КРОССВОРД



*Туурасынан:*
1. Жакан сууга чөмүлдүргөн дарыя (Мт. 3:6).
2. Акча бирдиги (Мт. 25:16-18).
3. Он эки элчинин бири (Мт. 10:2).
4. Кудай арстандардын азуусунан куткарган пайгамбар (Дан. 6:16-23).
5. Жакан Кудайдан аян алган арал (Аян 1:9).
6. Ыйсадан үч жолу баш тарткан элчи (Мт. 26:74-75).
7. Лабандын кичүү кызы (Башт. 29:28).

# ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР!

**Аты аталган библиялык каармандардын ар биринин жашоосу сүрөттөлгөн учурларда кайсы жаныбар жөнүндө айтылганын билесиңби? Ар бир ысымдан анын жашоосуна байланыштуу жаныбарды көздөй жебе сыз.**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Билам | Кой |
| 2 | Даниел | Кит |
| 3 | Деет | Көгүчкөн |
| 4 | Элиша | Түлкү |
| 5 | Илияс | Жылан |
| 6 | Чөмүлдүрүүчү Жакан | Аюу |
| 7 | Жунус | Арстан |
| 8 | Нух | Ургаачы эшек |
| 9 | Пабыл | Карга |
| 10 | Шимшон | Чегиртке |

**Бул жерде Библиядагы кайсы окуя сүрөттөлгөн? Карандашты барактын бетинен албай туруп, ал окуяны тартканга сен да аракет кылып көр.**

# ТАП!




*Сүрөтүн тарткан – Эмма НИКЕЛЬ*






# БИБЛИЯГА САЯКАТ




***Тигинен:***
1. Акын, ботаник жана зоолог падыша (1 Пад. 4,30-33).
2. Теңирди ыраймдуулугу үчүн жемелеген адам (Жун. 4,1-2).
3. Чөмүлдүрүүчү Жакандын атасынын аты (Лк. 3,2).
5. Эмен дарагынын түбүндө падыша шайланган адам (Башк. 9,6).
6. Марта менен Мариямдын бир тууганы (Жкн. 11,1-3).
11. Акырына чейин ишенимдүү болгондорго, Кудай эмнени берем деп убада берген? (Аян 2,10).

***Туурасынан:***
4. Рухтун төртүнчү жемиши (Гал. 5,22).
5. Топон суудан кийин кеме кайсы тоонун үстүнө барып токтогон? (Башт. 8,4)
7. Мусанын орун басары ким болгон (Сан. 27,12-23).
8. Үч күн, үч түн орозо кармаган ханыша (Эст. 4,15-16).
9. Ыйсаны көрүш үчүн бакка чыгып алган адам (Лк. 19,2-4).
10. Жусуп менен Мариям Ыйсаны алып, качып барган өлкө (Мт. 2:13).

*Сүрөтүн тарткан – Лариса ГОРОШКО*







**Билесиңби,**
**Крот (сокур чычкан) бир түндө узундугу 76 метрге жеткен туннель каза аларын билесиңби?**





*Петер МАРТИН*

***Биринчи Падышалар китеби, 4-10-бөлүмдөр (Маш.төр.чей. 970–930-жж.)***

# Сулайман падышанын тушундагы Иерусалим шаары

Дөөт согуштарда жеңиштерге жетүү аркылуу өз падышачылыгын бекемдеген жоокер болгон. Ушул нерсе анын уулу Сулайманга күчтүү жана бай башкаруучу болууга жардам берген. Сулайман Дөөттүн борбор шаары Иерусалимди кайра курган: шаар жөн гана чептен укмуштуудай сонун ийбадатканасы жана эң сонун падыша сарайы бар чоң шаарга айланган.

Астында койгучу бар ушундай жуунгучтан 10ду таба аласыңбы?



Шебалык ханыша Сулайманды чындап эле өзү угуп жүргөндөй акылман бекен, же жокпу, өз көзү менен көрүш үчүн, узак жол басып келген. Аны көрүп жатасыңбы?



Сулайман ийбадатканага кай жактан көз жиберип турат?




Сулайман ийбадатканага 10 алтын чырак жасоого буйрук берген. Алардын канчасын таба аласың?



Курмандыкка чалынган малды мууздап, анан өрттөшкөн. Курмандык чалынуучу жайды тап.



Кызматын аткарар алдында ыйык кызмат кылуучулар жуунушу керек болгон. Жез жуунгучту тап.




Ийбадатхананын кире беришиндеги 2 жез тирөөчтү көрүп турасыңбы? Сол жактагы тирөөч Жахин, оң жаккысы Бууз деп аталат.



Ийбадатканадагы көптөгөн шаан-шөкөттөр музыка менен коштолгон. Музыканттар тобун тап.





*Сүрөтүн тарткан – Петер КЕНТ*

Он осуят жазылган таш лоокторду ысрайылдыктар ыйык туткан. Таш лоокторду алтындан жасалган келишим сандыгында сакталган. Келишим сандыгын көрүп жатасыңбы?



Деңиздин ары жагынан келген ханышанын урматына чоң той өткөрүлгөн. Музоону куйкалап бышырып жаткан ашпоздорду тап.



Сулайман ири соода иштерин жүргүзгөн, ал экзотикалык жаныбарларды да сатып алган. Үч маймылды тапчы.



Үйлөрдүн чатырындагы бастырмалар күндөн коргойт. Бастырмадан 10ду тап.



Ийбадатканада склад катары колдонулган жайдан канчаны көрүп турасың?



Анар багынан 5ти тап.



Сулаймандын көп аялдары жана балдары болгон. Бассейнде сууга түшүп ойноп жаткан балдарды тап.



Сулаймандын көптөгөн аттары жана майдан арабалары болгон, бул анын кубаттуу башкаруучу болгонун айгинелеп турат. Сулаймандын майдан арабасын тапчы.



Сулайман Тир шаарынан кедр жыгачтарын сатып алган. Кедр устундар жүктөлгөн арабаны тап.



# Хесба Стреттон

*1832–1911*



**XIX кылымдын экинчи жарымындагы англиялык атактуу жазуучу аял**

***Бала чагы***

Дээрлик эки жүз жыл мурда Англиянын Веллингтон деген шаарчасында Сарра Смит аттуу кыз жашаган. Сарра сегиз жашка чыкканда, апасы каза болуп калат. Сарранын эки эжеси, эки иниси бар болчу. Атасы билимдүү адам эле, анын менчик басмаканасы жана китеп дүкөнү бар болчу.

Апасы балдарына Теңирди сүйүүнү, Ага сыйынууну үйрөтүп, алардын жан дүйнөсүндө ишенимдин учкунун тутантканга үлгүрүп көз жумган эле. Арадан убакыт өтүп, Сарранын жүрөгүндөгү учкун алоолонгон жалынга айланып, анда Кудайга жана үй-жайсыз адамдарга кызмат кылсам деген каалоо жаралган.

***Жазуучулук ишмердигинин башталышы***

Бардык балдар сыяктуу эле Сарра да мектепке барып, үй иштерине жардам берип, бош убактысында ар кандай аңгемелерди ойлоп таап, жазып, бир туугандарына айтып берчү. Ал китеп окуганды абдан жакшы көрө турган. Атасынын китеп дүкөнүндө бир нече саат бою отуруп, улам бир китепти барактап, окуур эле. Атасынын үйгө келген атактуу жазуучулар менен курган маектерин укканды жакшы көрчү. Сарра качандыр бир кезде өзү да атактуу автор болом деп ойлогон эмес.

Мектепте окуп жүргөнүндө эле чакан аңгемелерди жаза баштап, ал тургай, өзүнө Хесба (эже-инилеринин ысымдарынын биринчи тамгаларынын аббревиатурасы) Стреттон (алар каникулун өткөргөн айыл) деген каймана ат коюп алган. Бирок ал өзүнүн чыгармаларын чоочун адамдарга көрсөтүүгө батынган эмес.

Эжеси Элизабет бир жолу сиңдисинин аңгемелеринин ичинен өзү жактырган аңгеменин кол жазмасын ошол кездеги англиялык атактуу жазуучу Чарльз Диккенске жашыруун жөнөтүп жиберет. Бир нече күндөн кийин жооп келет: «Үйдө окуу» журналынын редактору болуп турган Диккенс аңгемени журналга жарыялап, ошол учурда кыйла эле акча болуп эсептелген беш фунт өлчөмүндө калем акы (гонорар) жиберип, авторго мындан ары да кызматташып турууну сунуш кылат. Бул 1859-жылы болгон. Ошондон тарта журналдын дээрлик ар бир санына Хесба Стреттондун чыгармалары жарык көрө баштаган. Бирок дүйнөгө таанымал болушуна ал новеллалары себеп болгон эмес.

Бала чагынан эле Сарра Кудайга кызмат кылууну, Аны даңктоону кыялданчу. «Куткаруучума кантип кызмат кыла алам? Менин колумдан эмне келет? – деп ойлончу. – Менин колумдан кызыктуу окуяларды айтып берген эле келет... Демек, ар бир чыгармамды адамдарга Теңирди таанып-билүүгө түрткү бергидей жазышым керек». Ошентип ал жыйынга барып көрбөгөн, Кудай жөнүндө эч качан укпаган лондондук жакыр жетим кыз жана Лондондогу эң кооз сыйынуу үйлөрдүн бирин күн сайын жыйнап-тазалаган, Лондондун эң атактуу насаатчысынын насааттарын укса да, Кудай жөнүндө эч качан ойлонуп көрбөгөн Даниел деген карыя жөнүндө аңгеме жазмакчы болот. Бир күнү алар жолугуп калышат. Даниел карыя жамгырлуу күндөрдө көчөдө темселеп жүргөн ачка Жессикага далай жолу тамак берип, курсагын тойгузат. Кыз болсо сыйынуу үйүнөн Кудай Сөзүн угуп, Кудайга сыйынганды аябай үйрөнгүсү келет. Үйрөнгөндөн кийин куткарылуу кубанычын өзүнүн карыя досуна айтып берет. Бул эки адам Кудайды ошентип таап калышат...



Сүрөттү тарткан – Екатерина ПРАВДОХИНА

Күндөрдүн биринде эртең менен «Жекшембиде үйүбүздө» аттуу жума сайын чыгуучу белгилүү гезиттин редакторунун колуна калың кагазга оролгон түрмөк кагаз тиет. Ал Хесба Стреттондун «Жессиканын алгачкы сыйынуусу» деп аталган эң биринчи повести эле. Акыркы барагына чейин окуп чыккан редактор: «Окурмандарга жагат болушу керек», – деп ойлойт. Чыгарманы ал бир нече бөлүккө бөлүп, гезитке жарыялайт. Ыраазычылык билдирген окурмандардын каттары редакцияга жаай баштайт. 1866-жылдын июнунда «Жессиканын алгачкы сыйынуусу» өзүнчө китеп болуп чыгат. Бул повесть зор ийгиликти багындырып, бир нече ай ичинде жарым миллион экземпляры сатылып кетет.




*1867-жылдагы англисче басылманын мукабасы жана иллюстрациясы.*

***Адабий мурас***

1866-жылдан тарта кырк жыл бою Хесба Стреттон Диний адабият Коомчулугу менен кызматташкан. Бул убакыт ичинде жазуучунун элүүдөн ашуун китеби жарык көргөн, алардын көп бөлүгү машайакчылык мазмундагы аңгемелер жыйнагы жана балдарга арналган повесттер болгон. Алардын ичинен эң белгилүүлөрү – «Кичинекей Мэггинин балдары», «Үйгө окшогон жай жок», «Лондондо жалгыз» – азыркыга чейин окурмандардын сүйүүсүнө арзып келет.

Хесба Стреттон Кудайга карай жол жана ишенимдин алгачкы кадамдары жөнүндө эле жазуу менен чектелген эмес. Анын калемине таандык аңгемелердин көбүндө жардылардын жашоосу, жетимдер менен кароосуз калган балдардын түйшүктөрү менен көйгөйлөрү жөнүндө баяндалат. Атасы, бир туугандары жанында болуп, эч нерседен кем болбой чоңойсо да, Хесба Стреттон энесиз өсүү канчалык оор жана кайгылуу экенин эстен чыгарбай, коомчулуктун көңүлүн үй-жайсыздардын тагдырына буруруга, адамдарды кайрымдуулукка үндөөгө аракет кылган. Баронесса Бардетт-Котт айым менен биргеликте балдарга карата аёосуз мамилеге каршы Улуттук коомун негиздеген.

Хесба Стреттон саякаттаганды абдан жакшы көргөн. Ал Европаны бир нече жолу кыдырган, бирок анын китептери



*1893-жылдагы орусча басылманын мукабасы жана иллюстрациясы.*

өзүнөн да алыс саякат жасап, алыскы өлкөлөргө жеткен. Китептери ондогон тилдерге которулуп, азиздер үчүн атайын Брайлдын шрифти менен да басылып чыккан, ал эми «Жессиканын алгачкы сыйынуусу» чыгармасы, ал тургай, жапон тилинде да которулган. Бул китептин Россия империясындагы тагдыры да өзгөчө болгон: аны окуган падыша Александр II абдан таасирленип, повесттин которулушуна жана басылып чыгышына өзү көз салып, аны Россиянын бардык мектептерине жөнөтүүнү буйруган.

Аңгемелерди айтып бергенди абдан жакшы көргөн жана Кудайды даңктасам деп кыялданган кыздын чыныгы тарыхы мына ушундай.

*Жазып жөнөткөн Зоя ЖУК*

«Гиппопотам Бухунун жоруктары» сериясынан

# Чаарала эшек

*Пауль УАЙТ*



*Сүрөтүн тарткан – Екатерина ПРАВДОХИНА*

– Дауди, – деди Тали, – эмне кылышыбызды билбей жатабыз. Бул чөлкөмдөгү кишилердин баарына эмдөө жасатканы келгиле деп айтып эле жатабыз. Көптөрү балким барабыз дешти…

– Бирок, – деп кошумчалады Кали, – бул өтө маанилүү ишти улам эле эртеңкиге жылдырып жаткандар да бар. Алар чечим чыгара албай жатышат...

– Акырында алар эмне болорун билбей да калдым, – деди дарыгердин жардамчысы Дауди капалуу. – Бүгүн кечинде ушул жөнүндө сүйлөшөбүз.

Ошол кечте Гулу менен Лисо жоош эшекти минип алып, баобабдын жанына барышты. Дауди балдарды эшектен түшүргөндө, эшек башын шарт көтөрө калып, айкырып жиберди.

– Оо! – деп күлдү Тембо. – Зебрага окшоп кыйкырды го!

– Ооба да, – деди Дауди, – булар жакын туугандар да. Зебранын сызыктары кантип пайда болгону жөнүндө жомокту уга элексиңерби? Бул тээ илгерки жомок.



Пунда деген кичинекей кодиктин көңүлү чөгүп турат. Анын жүнү көрксүз, кара түстө болчу. Ал баобабдын жанына чогулган башка жаныбарларды ичи күйө карады.



«Сен бактылуусуң, Твига, – деди эшек жирафка. – Сенин жүнүң алтын түстүү, күрөң тактары бар – күндүн нуру менен тикенектүү бадалдын астындагы көлөкөдөй.



Арстанды карачы! Анын жүнү да талаанын чөбүндөй сары-күрөң болуп, сонун. Ал эми кичинекей антилопанын күрөң түсү аны аябай сулуу кылып турат! Мен болсо – жөн эле карамын».



Эшек оор үшкүргөндө, чоң тиштери көрүнө түштү. Суунун үстүнө башын гана чыгарып көлмөдө жаткан гиппопотам Буху кыймылдап койду.




«Тиштериң укмуш го я, Пунда! – деди Буху. – Тиштериңди көрүп, менин бүткөн боюм дүркүрөп кетти. Жүнүңдүн кара болгонунун сага эмнеси жакпайт? Менимче, кара түс аябай ыңгайлуу, кир көтөрүмдүү».



Буху күлкүгө окшогон таң каларлык үн чыгарды. Күтүүсүз чыккан мындай үндөн антилопа Дик-Дик жыгылып кала жаздады. Пунда болсо көңүлү чөккөндөй кулактарын шалпайтып, куйругун салбыратып, мурункусундай эле үңүрөйүп турду.



Өзүнүн кандай гана бактысыз экенин баарына көрсөткүсү келип: «И-а! Мен ачык түстө болгум келгенине таң калып жатасыңарбы? Аттиң ай, мен...» – деп кыйкырды. Гиппопотам Бухунун таноолорунан чыккан демден суунун үстүнө төмпөк көбүкчөлөр пайда болду.



«Мм, жежем мага, – деди ал, – тоодо бир үңкүр бар экенин айткан. Ошол үңкүрдө жүндүн түсүн өзгөртүп алса болот экен». Эшек кулактарын тикчийте калып: «Ошол жактан түсүңдү өзгөртсөң болот бекен?» – деп жиберди.



Буху чөмүчбаштардын жалбырагын чайнап, ойго батып кеткендей. Эшек тиштерин арсайтып: «Айтпасаң, сени тебемин!» – деп кыйкырды. Буху башын чайкады: «Ой, андай кыла көрбө. Менин жежемди бир жолу эшек тиштеп алган. Бул аябай жаман.



Ал деген...неме деп...» Эшек жерди тээп жиберди: «Үңкүр жөнүндө айтасыңбы, же жокпу?!» – «Үңкүр караңгы, коркунучтуу... Жежем айткан... бирок мен... анын чындык экенине деле ишенбейм...»



Эшек ошол жакка бармакчы болуп турду. Бирок Буху сөзүн улантты: «Жежем шаркыратманын жанындагы асканын коңулунан кирип, үңкүрдүн тээ тереңине, жарык жаркырак коңуздун жарыгындай гана болуп калган жерине чейин барыш керек деген.



Анан катуу кыйкырыш керек экен. Бирокчу, Пунда, ал үңкүрдүн ичи аябай катуу жаңырат. Сенин ордуңда болсом, мен...» – «Жежең дагы эмне деди эле, Буху? Айтчы, бол?! Эмне кылыш керек?» – «Аа, ооба, сен каалооңду айтышың керек...»



«Эмне каалоо?» – деп эшектин чыдамы кетип жатты. Буху ойлонуп: «Сен кара эмес, башкача болууну каалашың керек... Неме...» Бирок Пунда эбак зуу коюп, көздөн кайым болгон эле. Ал өзүнүн каалоосу жөнүндө гана ойлонуп баратты.



Эшек көлмөнүн жанынан чуркап өтүп баратып, крокодилди байкабай калды. Чөөлөр Мбизи менен Слинкиге да көңүл бурбай, тоого шашып чыгып баратты. Шаркыратманын жанына жетип, үңкүрдүн кире беришин таппай туруп калды.



Асканын коңулундагы оюкту көрүп, Пунда дароо ошол жерден башын салып карады. «И-а!» – деп кыйкырса, үнү жаңырып, кайра кайталанып угулду. Мурдуна капкара бир нерсе тийип кетти. Пунда артка кетенчиктеди.



Бирок анын Буди деген жарганат экенин көргөн ал жеңилдене үшкүрдү. Коркконунан эшектин, ал тургай, ичи да бурап кетти. Үңкүрдүн ичине акырын кирип, кире бериш дээрлик көрүнбөй калгыча кете берди.



Пунда оор дем ала: «Суранам, мен ак болгум келет», – деп жиберди шаша-буша. – «Ак болгум келет... ак болгум келет...» – деп кайталады жаңырык. Кокус угулбай калбасын деп, ал дагы бир жолу кыйкырды.



Бул жолу да жаңырык: «Ак болгум келет... ак болгум келет...» деп кайталады. Пунда артты көздөй шашылды, чыга беришке жакындаган сайын, жүрөгү улам катуу дүкүлдөп баратты.



«Ак болот болдум бекен?» – деп ойлоп баратты эшек. Ал чыга беришке жакындаган сайын, айлана уламдан-улам жарык боло баштады. Ал эми үңкүрдөн чыкканда, күндүн жаркыраган нурлары көзүн уялтып жиберген Пунда чүчкүрүп жиберди.



Анан эңкейип, буттарын карады, биринчи сол бутун, анан оң бутун карады. Буттары ак болуп калыптыр! Ал кылчайып, артын карады. Куйругу да ак! Эшектин кыялы орундалды. Ал ак эшек болуп калыптыр.



Сүйүнгөнүнөн Пунда: «И-а!» – деп кыйкырды. Кубанычка бөлөнгөн ал жунглиге кайтып келди. Жүндөрү аппак болуп, жаркырап калган эле! Пунда өзүнүн кебетесин көргөнү дарыя боюна токтоду.



«Ии, демек, алиги жакка барган экенсиң да?» – деп сурады Буху. «Ооба», – деди Пунда сыймыктана. Аңгыча чөө жетип келди: «Карап кой! Ак эшек. Бул жөн эле тамаша болсо керек!»




Пунда өзүнүн суудан чагылып турган кебетесин суктана карап, кубанып турду. Бирок крокодилдин: «Сен туура эмес кылдың! Кара түс сага көбүрөөк жарашат», – дегени угулду.




Пунда айтылган сынга көңүл бурбай, өзүн дагы деле суктана карай берди. Дал ушул маалда бадалдардын арасынан чөө чыга калды. Анын каткырыгы чытырман токойду жаңыртты: «Ха-ха-ха! Сен жеткен акылсыз турбайсыңбы!»



«Калп айтат, – деп каршы болду антилопа Дик-Дик, – сен аябай жакшынакайсың, Пунда!» Буху суунун ичинен шашпай турду да: «Мм, менимче, сен аябай жакшынакай көрүнүп жатасың», – деди.



Көлчүктү байкабай кечип алган гиппопотам жанында турган эшектин бутунан башына чейин баткак чачыратып жиберди. Буху токтоп, эшекти карады да:




«Мм, ак түс сен үчүн анча ыңгайсыз экенин айтып коюшум керек. Карачы, азыр сага чачыраган баткак дапдаана көрүнүп калды», – деди. Пунда ойлонуп калды. Ал эмне кыларын билбей турган.



Эшек бардыгын шашпай ойлонуп көргүсү келип, артына бурулду да токойго кирип кетти. Артынан чөө Мбизинин: «Эми мындан ары буттарың дайыма кир болуп жүрөт!» – деп кыйкырып калганын укту.



Пунда эңкейип, буттарын карады. Буттары ылай болуп, кирдеп калган эле. Ойго баткан ал бактын көлөкөсүнө токтоп: «А балким, мурдагысы эле жакшы болчудур?» – деди.



Ушул маалда анын жанына гиппопотам Буху келди: «Жүнүңдү тазалагың келеби? Мен сага жардам берем...» Пунда жеңилдене түштү.



Көңүлү жайланган ал ылайды кетириш үчүн, кумга оонай баштады. Ылай анча-мынча кеткендей болду, бирок кара тактар баары бир калды. Буху эшекти четте карап турган.



«Ылайды суу менен жууп көрбөйсүңбү? Негизи ал...» Бирок ал айтып оозун жыйгыча, Пунда эбак дарыяга чуркап жетип, сууга кирип кетти. Жээкке чыгып, силкинди.



Жакын жерден учуп бараткан таз жору эшекти көрүп: «Агала болгон, тагы көп эшек!» – деп каркылдады. Чөө да жаңырыкка окшоп, аны туурап: «Тагы көп эшек!» – деп кайталады. Экинчи чөө аны коштоп, заар чачып: «Эй, шалтак, мурда, жок дегенде, сенин кириң байкалчу эмес!» – деди.



Дик-Дик эшектин жанына басып келип, анын көңүлүн көтөрмөкчү болуп: «Кайгырба, Пунда! Кирди жууп койсо кетет да», – деди. Бирок эшек такыр эле эмне кыларын билбей тургандыктан, Дик-Диктин сөздөрүнө кулак салган да жок.



Антилопа аны тегеренип карап чыкты да, жайдарыланып: «Менимче, бул түс сага аябай жарашат. Мага жакты!» – деди. Пунда аны укпай, оор үшкүрүп, кайра үңкүргө жөнөдү.



«Эч майнап чыкпастыгын ойлонсом болмок экен... Бул үңкүргө барбай эле койсом болмок экен». Дик-Дик үн катпай, анын артынан келе жатты. Пунда токтоду да, аны бакырайган, капалуу көздөрү менен карады:



«Эх, эмне кылышты билсем кана...» – «Жүрү кеттик, үңкүргө кайра барбай эле кой, – деп антилопа эшекти барбаганга көндүргүсү келди. – Сен аябай жакшынакай болуп турасың!» Пунда чечим чыгара албай турду. Алды жакта тоолор.



Арттан чөөнүн шылдыңдап каткырганы угулат. Ылай болуп, булганып калган буттарын көңүлү чөгө караган Пунда алдыны көздөй жөнөдү. Дик-Дик анын артынан калбай, ак түс ага аябай жарашарына ишендиргиси келип, чебелектейт.



Бирок ал эмне гана дебесин, эшектин туяктарынын такылдаганынан башка жооп болгон жок. Алар үңкүргө жеткенде, антилопа эшекти үңкүргө киргизбей, токтотуп калууга аракеттенди.



Бирок Пунда Дик-Дикти акырын гана четке түрттү да, үңкүрдүн ичине кирди. Үңкүрдөгү караңгылык эшекти сестентип турду. Ак бойдон эле калса жакшы болмоктугун жактаган пикирлер көбүрөөк айтылганы тууралуу да ойлонду.



Ошентсе да Пунда үңкүрдүн тээ түбүн көздөй бара берди. Айланасы капкараңгы жана капкара. «Кара!» – деп күбүрөндү эшек. «Кара... кара... кара...» – деп кайталады жаңырык.



Аңгыча Пунда: «Кара болгум келет!» – деп таптак, катуу кыйкырды. Жаңырык кайрадан: «Кара болгум келет... кара болгум келет...» деп кайталап жатты. Бирок бул жаңырыкты угуп туруп да, ал өзү ак болгусу келерин сезип турду.



Пунда үңкүрдүн чыга беришине кайтып келди. Тышта күндүн нуру көздү уялтып жаркырайт. Пунда алдыңкы буттарын карады. Буттары кара болуп калыптыр. Куйругу да кара.



Дик-Дик эшекти таңыркай карап калды. Батышта күн каалгый батып бараткан. Пунда токтоду да, айласы куруй: «И-а…»– деп кыйкырып койду. Ал чындап эле эмнени каалаганын өзү билбей турган эле.



Күндөр ирети менен өтүп жатты. Жунглиде баары эле эшекти сөз кылып жатышты. Бири ак түскө караганда кара түс жакшы дейт. Дагы биреөлөр ак түс жакшы дейт. Пунда ар биринин пикирин билгиси келди.



Бирок башкалардан канчалык көп сураштырган сайын, ойлору ошончолук чаташты. Таптакыр айласы түгөнгөн Пунда кандай чечим чыгарарын билбей, бир күнү жунглиде чуркап бараткан.



Аңгыча баягы үңкүрдүн жанына келип калганын байкады. Кайрадан үңкүрдүн ичине баш багып, ичи калдыр-кулдур болуп жатканына көңүл бурбай, болгон күчү менен: «Мен кара болгум келет! Жок, ак болгум келет!» – деп кыйкырды.




«Кара – ак... кара – ак... кара – ак...» – деп кайталады жаңырык. Аңгыча үрөй учурган катуу калдыр-кулдур үн угулду. Эшектин алды жагына килейген таш келип түштү, андан кичирээк экинчи таш жонуна тийди.



Пунда шарт бурулуп, болгон күчү менен үңкүрдүн чыга беришин көздөй жүгүрдү. Кире бериштеги жылчыктан кыпчылып чыгып баратып, үңкүрдүн боорлору титиреп, чоң таштар кулап келе жатканын сезди.



Эшек талаага чуркап чыкты, аңгыча үңкүр урап түшүп, кире бериши биротоло жабылып калды. Үңкүрдөн обочорок жерге токтогон Пунда өзүн карады:



Биринчи бир бутун, анан экинчи бутун. Үрөйү учкан ал кылчайып, куйругун карады. «Жо-ок! Мындай болушу мүмкүн эмес! – деп күбүрөндү Пунда. – Мен ала-карала болуп калган турбаймбы!»

Элизабет алаканын чапкылап:

– Ал бир чечим чыгара албай жатып, зебра болуп калган турбайбы! – деди.

– Бул жөн гана жомок. Чындыгында зебраны ак-кара тилкелүү кылып Кудай жараткан, – деди Дауди. – Бирок эсиңерде болсун: бул окуяда кайсы бир учурда чечим баары бир чыгарылганы жөнүндө айтылат. Пунда бул чечимин ошондон кийин өзгөртө алган жок, ага башка мүмкүнчүлүк берилген жок. Ошондуктан эмкиде зебра көрүп калсаңар, чаарала эшек жөнүндөгү жомокту эстеп, Кудай Сөзү жөнүндө ойлонгула. Машайакты жүрөгүнө кабыл алуу чечимин чыгара албаган адам, же бир туруп Машайакка, бир туруп дүйнөгө дос болгусу келген адам, зебрага окшош.

**Пайдалуу кеңеш**

Машайактын артынан ээрчүү чечимин чыгар да, туруктуу бол.

*Сүрөтүн тарткан – Юлия ПРАВДОХИНА*





# КАРАПАДАГЫ ГҮЛ

*Түзгөн – Вера НАЙДА*




**1.** Бул иш үчүн кызгылт жана сары түстөгү фом (пенокездеме) (анын ордуна түстүү картон колдонсоң болот), бир гана жолу колдонулуучу стакан, кичинекей кесим пенопласт, сизаль, шпагат жип, лента, шуру, көпөлөк, жашыл кагаз, алдын ала жашыл түскө боёлгон таякча, клей, кайчы, карандаш даярдап ал.



**2.** Стаканга клей сыйпап, шпагат жип менен оро.



**3.** Клей кургаганда, стаканга пенопласт менен сизалды сал.



**4.** Гүлдүн шаблондорун, ортосун, жалбырактарын даярда.



**5.** Даярдагандарыңды кес.



**6.** Сары тегеректени гүлгө чапта. Жалбырактарды бүктө.



**7.** Гүлдүн сабагы болгон таякчаны стаканга салып, ага гүлдү чапта. Жасалган коздукту бантик, шурулар жана көпөлөк менен коздоп кой. Ошентип, биздин колго жасалган кооз буюмубуз даяр болот!

# ЖАШЫЛЧАЛАР ХАНЫШАСЫ

– Апа, эмне үчүн капустаны түстүү дешет, ал деген ак да?! – деп сурады Сыйнат базарда түстүү капусталар тыкан тизилген текченин жанынан өтүп бара жатып.

– Анткени биз кадимки капустанын жалбырактарын жейбиз, ал эми мунун гүлдөрүн жейбиз, – деп жооп берди апасы. Тогуз жашар кызы апасынын мындай жообуна аябай таң калды. – Түстүү капустанын башы – чоң топ гүл, бирөөндө эле эки миңден ашуун бутон болот. Бирок капустаны сөзсүз түрдө гүлдөй элегинде кесип алыш керек. Марк Твен аны эмне деп атаганын билесиңби? Ал аны коллежди бүткөн капуста деп атаган.

Сыйнат күлүп жиберди, апасы сөзүн андан ары улантып:

– Эми тапчы, кайсы капустаны америкалыктар университетти бүтүргөн капуста деп аташат?

– Билбейм. Балким, брокколини айтышар?

– Азаматсың, туура! Бул жашылчанын жүздөн ашык сорту бар. Алардын айрымдарын бул базарда сатышат, мисалы, брюссель, савой, кызыл кочандуу капусталарын… Бирок биз көбүнчө көрүп, жеп жүргөн сорту – ак кочандуу капуста. А сен капустада апельсин менен лимондогудай эле өлчөмдө С витамини болорун билесиңби? Азыркы учурда белгилүү болгон витаминдердин ичинен капустанын кочанында табылбаган бири да болбосо керек. Анан калса, капустадагы витаминдердин баары анда жыл бою сакталат. Орус ашканасынын салттуу тамагы болгон ачытылган капуста – кышында витаминдердин маанилүү булагы болуп саналат. Немис ашканасында да ачытылган капуста абдан кеңири таанымал. Немисче «зауэркраут» деген сөз менен аталган ачытылган капуста АКШда жана Улуу Британияда да белгилүү. Дүйнөлүк Биринчи согуш учурунда адамдар немистерге байланыштуу нерселердин баарына жаман мамиле кыла башташкан, ошондуктан америкалык соодагерлер аны «эркиндик капустасы» деп атап коюшкан.

Ал эми кулинарлар капустаны бекеринен жашылчалар ханышасы деп аташпайт, анткени андан көптөгөн түрдүү тамактарды, салаттарды жасаса болот. Ар улуттун капуста кошуп жасаган түрдүү тамактары, кызыктуу рецепттери бар. Мисалы, финдердин ашканасында капустаны шекер кошуп, сүткө бышырып, даамдуу ботко жасашат. Ал эми кытай ашканасында капустаны, көбүнчө, фритюрга куурушат.



*Сүрөтүн тарткан – Александр ВОЛОСЕНКО жана Сезим ТААЛАЙБЕКОВА*





**Капуста – кайчылаш гүлдүүлөр түркүмүнө кирген эки жылдык өсүмдүк – өтө маанилүү жашылчалардын катарына кирет. Анын жалбырактары желет, капусталардын салмагы үч жүз граммдан төрт килограммга чейин жетет.**

# КАПУСТА





Көптөр капустанын кочанын бул өсүмдүктүн жемиши деп эсептешет. Чындыгында ал капустанын кышка сактала турган бөлүгү гана. Ал кийинки жылы өстүрүлө турган болсо, ичинде уруктары бар, түтүкчө түрүндөгү жемиш берет. Бул универсалдуу жашылча дүйнөнүн көптөгөн элдеринин ашканасында колдонулуп, ар бир үйдөгү тамак-аштын арасында алдыңкы орундардын бирин ээлейт.

## Капустанын тарыхынан

Капуста адам баласы өстүргөн эң биринчи (Маш.төр-чей. үчүнчү миң жылдык) жашылчалардан болуп саналат. Капустанын мекени Жер Ортолук деңизи деп эсептелет, ал жакта азыркыга чейин капустанын жапайы түрлөрү өсөт. Капустаны биринчилерден болуп Пиреней жарым аралында байыркы иберлер өстүрүшкөн. Ал жактан аны Мисирге, Грецияга, Римге алып барышкан. Башында жапайы өскөн, жалбырактуу капустаны колдонушкан, ал эми кийин андан бир нече башка сортторду, анын ичинде кочандуу капустаны да чыгарышкан. Иберлер аны «ащи» деп аташкан. «Капуста» деген сөз байыркы римдиктердин тилиндеги «капутум» (баш) деген сөздөн келип чыккан. Ал кезде капуста байлардын үйүндөгү даамдуу десерт болгон.

Рамзес IIнин тушундагы байыркы мисир дарыгерлери капустаны өтө пайдалуу деп эсептеп, балдардын тамак аш рационуна кошууну сунуш кылышкан. Биздин замандын биринчи кылымдарында капустаны грузиндер менен түштүк славяндар өстүрө башташкан. Бул жашылчаны кельттер менен байыркы германдар да өстүрүшкөн. Руска капуста болжол менен IX кылымда Кара деңизди бойлой жашаган гректер аркылуу тараган. XII кылымда аны Киев Русунун дээрлик бүтүндөй аймагында өстүрө башташкан. Бүгүнкү күндө капустаны Ыраакы Түндүк менен чөлдөрдөн башка жерлердин баарында өстүрүшөт. Субтропиктик аймактарда капуста бийик тоолордо өсөт.

*Элвира КАДЫРБЕКОВА*

## Кызыктуу фактылар




**Байыркы римдиктер менен гректер капустаны дээрлик бардык оорудан айыктыра турган дары деп эсептешкен. Ал баш ооруну басылтып, дүлөйлүктөн жана башка ар түрдүү ички оорулардан, анын ичинде уйкусуздуктан арылтат дешкен.**


**Японияда капустаны жашылча катары эле эмес, декоративдик өсүмдүк катары да баалашат. Кеч күзгө чейин бакчалар менен клумбалар капустанын ички жалбырактары ак же кызыл түстө болгон декоративдик сорттору менен кооздолуп турат.**

**Гавай аралдарын ачкан капитан Жеймс Кук бул ачылышынын ийгилигин кычкыл капустага ыйгарган. Бул капустаны күн сайын жеген моряктар цинга оорусуна чалдыгышкан эмес.**



**Балдарды «сени капустанын арасынан таап алганбыз» деп тамашалоо Францияда пайда болгон, азыр бул тамаша бүт дүйнөдө белгилүү.**






# Тегерекчелердеги сөздөр

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |

**Тигинен кеткен тегерекчелерди толтуруп, эң үстүндөгү туурасынан кеткен катардагы тегерекчелерде эмне деген сөз катылганын тапсаң болот.**

1. Адам ата менен Обо эненин тун уулу (Башт. 4,1).
2. Кааттын төртүнчү уулу (Чыг. 6,18).
3. «Мен ... бетине көк желе тартам...» (Башт. 9,13).
4. Кудай аба мейкиндигин эмне деп атаган? (Башт. 1,8).
5. Абигейилдин күйөөсүнүн аты ким болгон? (1 Шем. 25,3).
6. Терахтын тун уулу (Башт. 11,26).
7. Акила менен Прискила эмне жасап иштешкен? (Элч.иш. 18,3).

**18-19-беттин жооптору:**
7. Сулайман падышанын тушундагы Иерусалим



Курмандык чалынуучу жай 1
Жез жуунгуч 2
Жахин 3
Бууз 4
Музыканттар 5
Чатырлардын үстүндөгү бастырмалар 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13, 14, 15
Ийбадатканадагы склад катары колдонулган жайлар 16, 17, 18, 19
Анар бактары 20, 21, 22, 23, 24
Бассейнде сууга түшүп ойноп жаткан балдар 25
Майдан араба 26
Кедр устундар жүктөлгөн араба 27
Маймылдар 28, 29, 30
Музоону бышырып жаткан ашпоздор 31
Келишим сандыгы 32
Алтын чырактар 33, 34, 35, 36, 37, 38, 39
Сулайман падыша 40
Шебалык ханыша 41
Астында койгучтары бар жуунгучтар 42, 43, 44, 45, 46, 47, 48, 49, 50, 51

# «Наристеге» ырахмат

Ыраазымын «Наристе»,
Чын жүрөктөн ырахмат.
Ар бир кооз сүрөтүң
Жүрөгүмдү кубантат.

Барактасам өзүңдү,
Кымбат мага ар бир сөз.
Окуйм аңгемелерди,
Ар биринде тирүү сөз.

Ыраазымын, «Наристе»,
Досу сенсиң балдардын.
Гүлгө толгон бакчадай,
Бизди өзүңө тартасың.

Чоң-кичине бардыгын,
Сүйгүн дейсиң, Теңирди,
Алсыздарга күч берип,
Көтөрөсүң көңүлдү.

Аңгемелер кызыктуу,
Ар бир жанга арналган,
Сабак алып өзүңдөн,
Жүрөктөрү шаңданган.

Куткаруучум, ырахмат,
Ким кылса да бул ишти.
Жакшылыкка жол баштаган
Даңктайм Теңир, Өзүңдү!





ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ
Наристе
1/2020
Машайакчылардын балдарга арналган журналы
2008-жылы чыгарыла баштады
Нускасы: 2 000 даана

Журналды басып чыгарууга чын көңүлдөн берилген акча каражаттары жумшалат

Редактор: Асел Кайыпова

Редакциянын дареги:

720000 Бишкек шаары,
Башкы почтамт, а/к 2008к

© «ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ», 2019-ж.

720040, Бишкек шаары,
Тыныстанов көчөсү, 199-46
«ST.art LTD» басмаканасы

Кенже жана тестиер курактагы балдар үчүн
Мукабанын биринчи бетиндеги сүрөттү Николай Шмоор тарткан.
Инжилчи Машайакчы Баптист Жыйындары Союзунун басылмасы

## Жооптор

**2-бет:** Мышык, арстан, бүркүт. Чечкиндүүлүк.

**3-бет:** 1. Никедим. 2. Закай. 3. Дөөт Голийатка жекеме-жеке чыкканы жатканда, Шабул Дөөткө айткан. 4. Рут.

**16-бет:** КРОССВОРД: 1. Иордан. 2.Талант. 3. Андрей. 4. Даниел. 5. Патмос. 6. Петир. 7. Рахел

ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР: 1. Билам – ургаачы эшек, 2. Даниел – арстан. 3. Дөөт – кой. 4. Элиша – аюу. 5. Илияс – карга. 6. Чөмүлдүрүүчү Жакан – чегиртке. 7. Жунус – кит. 8. Нух – көгүчкөн. 9. Пабыл – жылан. 10. Шимшон – түлкү.

ТАП: Дөөт менен Голийат жөнүндөгү окуя.

**17-бет:** КРОССВОРД. *Тигинен:* 1. Сулайман. 2. Жунус. 3. Захария. 5. Абы-Мелек. 6. Лазар. 11. Өмүр таажысын. *Туурасынан:* 4. Чыдамдуулук. 5. Арарат. 7. Жашыя. 8. Эстер. 9. Закай. 10. Мисир.

**30-бет:** *Тигинен:* 1. Кабыл. 2. Узиел. 3. Булут. 4. Асман. 5. Набал. 6. Ыбрам. 7. Чатыр. *Туурасынан:* Кубаныч.


**32-бет:** Чырак – улак, арстан – сагызган, бака – чака, тарак – таяк, өрдөк – көйнөк, түлкү – сүлгү.

# ЭМНЕЛЕРДИН АТЫ УЙКАШ?

Мынабул кооз сүрөттөрдү,
Көңүл буруп карагын,
Ар бирине уйкаш сөздү,
Канакей, тез тандагын!



***Мисалы:***



Күн








Гүл



*Түзгөн – Элвира КАДЫРБЕКОВА*